Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кокустан арамга көз салып алуу тууралуу сурадым. Ал көзүмдү дароо буруп кетүүгө буйруду

Жарир бин Абдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кокустан арамга көз салып алуу тууралуу сурадым. Ал көзүмдү дароо буруп кетүүгө буйруду.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Жарир бин Абдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бөтөн аялга атайлабай, кокустан көз чаптырып алуу тууралуу сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындайда дароо башка тарапка жүз буруп кетүү керектигин айтат. Ошондо ага эч кандай күнөө жазылбайт.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/8902